Колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын 2022-жылдын 5-апрелинде болуп өткөн отурумунун токтомунан

**КӨЧҮРМӨ**

ОАО "ФинансКредитБанк" оштогу бөлүмүнүн зам директору Сапарбаев Д.А., ОАО "Банк Бай Түшүм" – директору Курбанбаев М.А., "АЭРtrevel"- туристтик агенттиктин директору жеке ишкер- Аппай кызы Аида, "Global Print" полиграфиялык борборунун директору Гапиров Шерзод, "Газпром Кыргызстан" жоопкерчилиги чектелген коомунун "Ошгаз" филиалынын башкы бухгалтери- Жамшитов А. А., каф. баш. доц.Эркебаев У.,З., ф.-м.и.к. доц. Ободоева Г.С., э.и.к. доц. Имаралиев О.Р., улук окутуучу Садыкова Г, улук окутуучу Артыкова Н.А., Калбаев Ж., Рашид кызы Б., Алмазбек уулу Э., лаборант: Мелисов Адилет

Каралуучу маселе: Иш берүүчүлөр менен НББП ны талкуулоо.

**Угулду:** Кафедра башчысы Эркебаев У. жолугушуунун максатын айтып бүтүрүүчү адистиктердин НББП, окуу планы, жумушчу окуу планы менен иш берүүчүлөрдү тааныштырды.

ОАО "ФинансКредитБанк" Оштогу бөлүмүнүн зам директору Сапарбаев Д.А.- ОшМУ менен көп жылдан бери кызматташууда экенин жана студенттер, бүтүрүүчүлөр менен дайыма байланышта экенин айтты. Банкта финансы-экономикалык багыты боюнча атайын адистер дайыма керектигин баса белгилеп, колдонмо информатика багытын бүтүргөн студенттер экономика эле эмес IT жаатында да б.а. техникалык тейлөө, операторлук, программистик, маалымат коопсуздугу жааттарында да иштешсе болот. Ушул IT жааты азыркы күндө Кыгызстанда мыкты адистерге муктаждыгы белгилүү. Студенттер окуу менен эле чектелбестен өндүрүш тарабына көңүл буруусу да керектигин белгилеп жана практикалык сабактарды же практикага өндүрүшкө чыгаруусунун, анын убактысын көбүрөөк болушун сунуштады.

"Global Print" полиграфиялык борборунун директору Гапиров Шерзод – азыркы күндө мыкты кесипкөй студенттер замандын талабы экендигин

айтты. Бирок кардарлар менен иштөөдө билим деңгээли эле эмес алардын социалдык көндүмдөрү да жогору болушу керектиги белгиленди. Студенттерди окутуу менен социалдык көндүмдөрүн жогорулатуу кыйындыгын айтып, ошондуктан студенттерди практикага чыгаруу керектигин баса белгиледи. Практика учурунда студенттердин ийкемдүү кесипкөй көндүмдөрү жогорулашы айтылды.

ОАО "Банк Бай Түшүм" – директору Курбанбаев М.А. – Азыркы күндө эмгек рыногунда кайсыл тармак экендигине карабастан жумушка алуу критерийлери татаалдашууда. Студенттердин жумушка кирүүсүндө теориялык алган билимдери эле эмес аны практика жүзүндо колдоно алуусу негизги талап болууда. Окуу программасында предметтер толук кандуу эле берилгени менен ал билимин өндүрүштө иштете алуу керек. Мисалы жаңы жумушка орношкон бүтүрүүчүлөрдү сеть, огротехника, берилгендер базасы, банктык иш жүргүзүүлөр ж.б.у.с. жумуштарды үйрөтүү убактысы деле биз үчүн 3 айдан көп убакытты талап кылууда. Ошого байланыштуу университет тарабынан практикага студенттерди өндүрүшкө узагыраак мөөнөткө чыгарууну сунуштайм.

Иш берүүчүлөр менен болгон талкууда мамлекттик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу планы жалпысынан өндүрүшкө шайкеш келерин билдиришти. Талкуунун негизинде студенттердин өндүруштүк практикасын мөөнөтүнүн аз экендиги жана аны узартуу жумуш берүүчүлөр тарабынан сунушталды жана кафедранын окутуучулары тарабынан колдоого алынып киргизилди:

12 кредит, 2 курс, IV семестр, өндүрүштүк практика;

12 кредит, 3 курс, VI семестр, өндүрүштүк практика;

12 кредит, 4 курс, VIII семестр, квалификациялык практика

Акырында Кафедра башчысы Эркебаев У. - Мындан ары да тыгыз байланышып иш алып баруу сунушу айтылды. Келген иш берүүчүлөргө

ыраазычылык билдирип кызматашууга дайыма кафедра мугалимдери жана студенттер даяр экендигин айтты.

Экскурция, студенттер менен жолугушуу, сүрөткө түшүү менен аяктады.

| | |
|---|---|
| Чогулуштун катчысы: | Мелисов А. |
| КИжИК каф.башчысы: | Эркебаев У.З |